«БЕКИТЕМИН»
Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус
Славян университетинин ректору
Кыргыз Республикасынын УИА
академиги
В.И.Нифадьев

«17» май 2021-жыл

**12.00.14 - административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиги боюнча, юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Иманкулов Эрболот Амантаевичтин: "Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларды кайра кароо" деген темадагы диссертациясына жетектөөчү уюм – Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин административдик жана финансы укугу кафедрасы**

## ПИКИР

**1. Изилденген теманын актуалдуулугу**

Бул диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу 2017-жылдын 1-июлунан тартып мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара мамиледе жарандардын укуктарын соттук коргоонун кепилдиктерин камсыздоо үчүн принципиалдуу мааниси бар Кыргыз Республикасынын жаңы Административдик-процесстик кодекси күчүнө кирди жана анын зарылчылыгы коомдук-укуктук талаштарды кароонун өзгөчөлүгүн жаратты. Өз алдынча кодификацияланган мыйзамды кабыл алуу административдик сот өндүрүшүн жарандык сот өндүрүшүнөн бөлүп алуу боюнча маанилүү кадам болуп калды, анткени Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине коомдук-укуктук мамилелерден келип чыккан иштер боюнча өндүрүштү жөнгө салуучу жоболорду киргизүү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинде көрсөтүлгөн административдик сот өндүрүшү аркылуу сот адилеттигин жүргүзүү тууралуу ченемди талаптагыдай эмес ишке ашырып келген. Ушуга байланыштуу, мыйзамдуу күчүнө кирбеген да, кирген да сот актыларын кайра кароо темасы олуттуу актуалдуулукка ээ болгон. Бул, эң оболу, жүргүзүлүп жаткан сот системасынын реформасы жана жарандардын соттук коргоого, иштерди жогору турган соттун кайра кароосуна болгон укуктарынын өзгөчө маанилүүлүгү, Кыргыз Республикасында укуктук мамлекетти жана өнүккөн жарандык коомду куруу үчүн алардын коомдук бийлик менен өз ара мамилелери менен байланыштуу.

Административдик сот өндүрүшүндөгү кайра кароо институтун өркүндөтүүнүн негизги багыттарынын бири – административдик иштер боюнча сот адилеттигине тоскоолдуксуз жетүүнү, анын ичинде, жарандар үчүн сот актыларына даттанууну жөнөкөйлөтүү жана кандайдыр-бир тыюу салуучу мөөнөттөрдү белгилөө аркылуу жетүүнү камсыздоо болуп саналат.

Биздин көз карашыбыз боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын иш-аракеттерин/аракетсиздигин жана алардын актыларын талашуу тууралуу иштер боюнча сот актыларын кайра кароо административдик сот өндүрүшү жөнүндө кодификацияланган мыйзамдар кабыл алынгандан кийин Кыргыз Республикасында да, ошондой эле КМШ мамлекеттеринде да илимий изилдөөлөрдүн предмети болгон эмес. Кыргыз Республикасында күчтүү жарандык коомду куруу милдеттери мамлекеттик бийликти коомдук контролдоонун укуктук кепилдиктерин белгилөөнү талап кылат. Мунун алкагында ар бир жаран бийликке таасир этүүнүн кеңири айдыңын (палитрасын), буга

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 120 от «17» 05 2021 г.

кошуп эң кубаттуу соттук каражаттарды пайдалана алат. Ушуга байланыштуу, коомдук-укуктук мамилелерден келип чыккан иштер боюнча сот актыларын кайра кароонун натыйжалуу механизмине болгон муктаждык пайда болууда.

Ошентип, бул диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу жогоруда келтирилген аргументтер жана алардан келип чыккан тыянактар административдик сот өндүрүшүндөгү сот актыларын кайра кароонун натыйжалуулугун жогорулатуу жана өркүндөтүү жолдорун издештирүү зарылчылыгын шарттап турат. Мына ушунун бардыгы диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугун алдын ала белгилейт.

**2. Илимий натыйжалар**

Бул илимий иште төмөнкүдөй жаңы илимий негизделген теориялык натыйжалар келтирилген, алардын бардыгы жалпысынан юридикалык илимдин өнүгүшү үчүн чоң мааниге ээ:

**1-натыйжа**. Диссертант сот тутумунун тарыхый эволюциясы бир нече баскычтардан өткөн деген позицияны негиздеп, аларды төмөнкүчө бөлүп карайт:

Кыргызстандын эгемендүүлүкө ээ болгондон кийин биринчи жолу «соттук сунуштама» институтун киргизүү сунушталууда, мунун алдында биринчи инстанциянын судьялары тарабынан жүзөгө ашырылуучу апелляциялык инстанциянын алардын актыларын жокко чыгаруу жана алардын сунуштамаларын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кассациялык инстанциядагы сотунун соттук жыйынында кароо үчүн өткөрүп берүү тууралуу чыгарган актыларынын негиздүүлүгүн контролдоо түшүндүрүлөт. Белгилүү болгондой, Жогорку сот апелляциялык тартипте сот актысын кайра кароонун алкагында чечимдерди кабыл алууда апелляциялык инстанциянын соттору кетирген кыйгап өткүс кемчиликтерди компенсациялоо милдети тагылган.

Мындай контролдун болуусу кассациялык инстанциядагы соттун өндүрүш этабында мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын кайра кароо үчүн чечүүчү мааниси бар баалуулуктардын – соттук коргоого болгон укуктун жана укуктук аныктуулук принцибинин тең салмактуулугуна алып келет.

**2-натыйжа**. Изилдөөдө автор “Кассациялык өндүрүш” түшүнүгүнө төмөнкүдөй чечмелөө иштелип чыккан: «Кассациялык өндүрүш – бул кассациялык соттун (инстанциянын) административдик-процесстик мыйзамдардын ченемдери менен жөнгө салынган, административдик иштер боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларынын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү боюнча, соттун катачылыктарын ачыктоого жана оңдоого жана кызыкдар тараптардын кассациялык даттануусу жана/же прокурордун сунуштамасы боюнча коомдук-укуктук мүнөздөгү административдик-укуктук талаштарды чечүүгө багытталган иши».

**3-натыйжа**. Диссертант даттануу берилип, сунуштама (көрсөтмө) келиши мүмкүн болгон сот актыларынын тизмеги административдик-процесстик мыйзамдарда аларды өз алдынча талашуу каралгандыгына гана эмес, ошондой эле процесстик актынын же чечимдин укуктук касиеттерине – алар талаштын маңызы боюнча жыйынтыктоочу же эки ортодогу болуп саналгандыгына, иштин мындан ары илгерилешине тоскоолдук келтире тургандыгына же келтирбестигине жараша болору; иш боюнча өндүрүштүн катышуучусу болуп саналбаган үчүнчү жактардын укуктарын козгойбу же жокпу, ошондой эле алар өндүрүштүн катышуучуларына жана үчүнчү жактарга карата аткарууга алынууга тийиш экендиги негиздеген.

**4-натыйжа.** Автордун пикири боюнча, административдик иштер боюнча сот жокко чыгарылган чечимдердин тизмегин, негиздерин кеңейтүү жана аны ишке катышып жаткан жактардын даттануулары жана прокурордун сунушу боюнча жаңыдан кароого жөнөтүү зарылчылыгы сунушталат. Мындай негиздерге ишти кароодо жол берилүүчү чечимдерди

кабыл алуу эрежелерин жөнгө салуучу төмөнкүдөй процесстик укук ченемдерин бузуулар киргизилүүгө тийиш: кеңешүүчү бөлмөнүн купуялуулугун бузуу жана ишке катышууга тартылбаган адамдардын укуктары жана милдеттери жөнүндө чечим кабыл алуу. Аталган укук бузуулар кайра кароо баскычында оңдолушу мүмкүн эмес жана аларды оңдоо үчүн ишти жаңыдан кароого кайтарып берүү керек экендиги негизделген.

**5-натыйжа**. Изилдөөнүн автору тарабынан биринчи жолу мыйзамдарда административдик сот өндүрүшү тарабынын даттануу берүү укугун кароо зарылчылыгы негизделүүдө. Бул тарап мурда сотко катышпай келген жана чыгарылган сот актысы тууралуу ишке катышкан башка жактардын даттануусу боюнча апелляциялык тартиптеги кайра кароодон кийин гана билген.

**6-натыйжа.** Диссертанттын пикир боюнча, талаш туудуруп жаткан сот актысынын чыгарылышына негиз болуп берген соттун актысын же административдик органдын актысын жокко чыгаруу катары кайтадан ачылган жагдайлар боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген чечимди кайра кароо үчүн негиздерди колдонуудагы административдик-процесстик мыйзамдардан алып салуу сунушталат. Анткени аларга кайтадан ачылган жагдайлардын жалпы (түпкүлүктүү) белгилери мүнөздүү эмес. Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 268-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктунда каралган учурда, сөз кайтадан ачылган жагдайлар тууралуу эмес, жаңы жагдай – административдик сот тарабынан конкреттүү иште колдонулган, талаш туудуруп жаткан сот актысынын чыгарылышына негиз болуп берген сот актысын же административдик орган актысын жокко чыгаруу тууралуу жүрүүдө. Демек, бул жагдай сотко жаңыдан кайрылууга негиз болуп бере алат.

**3. Диссертацияда баяндалган изденүүчүнүн жыйынтыктарындагы жана корутундуларындагы ар бир натыйжанын (илимий позициянын), негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүк даражасы**

**1-натыйжа.** Административдик иштер боюнча соттук актыларды кайра кароо калыптандыруу жана өнүктүрүү жаатында кыргыз жана чет өлкөлүк авторлордун көптөгөн илимий эмгектерин жана мыйзамдарын ар тараптуу изилдөө менен негизделгендиктен, ишенимдүү.

**2-натыйжа.** Кыргыз Республикасында сот процесстерин жүргүзүүдөгү колдонулган мыйзамдарды изилдөө менен негизделген. Бул Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын жоболорун талдоонун натыйжаларынын жана ушул чөйрөдөгү тажрыйбанын негизинде ишенимдүү.

**3-натыйжа.** Негиздүү, анткени изилдөө Кыргыз Республикасынын Административдик – процесстик кодексинин ченемдерин талдоонун жана соттук актыларды кайра кароо боюнча илимий изилдөөлөрдүн негизинде жүргүзүлөт. Корутундулар ишенимдүү, анткени алар ушул темадагы илимий эмгектерди изилдөөнүн натыйжалары жана ушул чөйрөдөгү мыйзамдардын жоболору менен тастыкталган.

**4-натыйжа**. Ал илимий изилдөөлөрдүн талдоосуна жана процесстик мыйзамдын ченемдерине негизделгендиктен, негиздүү. Жарандык процесстик жана административдик процесстик ченемдик укуктук актыларынын жоболорун салыштырып талдоонун жана ушул чөйрөдөгү тажыйырбадан алынган натыйжаларынын негизинде ишенимдүү.

**5-натыйжа.** Ал чет мамлекеттин процесстик мыйзамдарын салышып жана тажыйырбада келип чыккан көйгөйлөрдү талдоо менен негизделген. Ишенимдүү, анткени ал чет өлкөлүк жана ата мекендик мыйзамдардын тажрыйбасын ар тараптуу изилдөөгө негизделген.

**6-натыйжа.** Ал колдонуудагы мыйзамдарды жана окумушуулардын пикирлерин талдоого негизделгендиги менен далилденет. Ишенимдүү, анткени ал административдик соттук актыларды кайра кароодо мыйзамдарды бирдиктүү колдонуу тажыйырбасын ар тараптуу изилдөөгө негизделген.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда баяндалган ар бир илимий натыйжаларынын (позициянын), корутундуларынын жана жыйынтыктарынын жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа – жаңы.** Изденүүчү Кыргыз Республикасында жана КМШ мамлекеттеринде биринчи жолу соттук сунуштама институтун киргизүүнү сунуштап жана өзгөчөлүктөрүн белгилеп. Мындайды, соттук коргоого болгон укуктун жана укуктук аныктуулук принцибинин тең салмактуулугуна алып келет деген негиз менен тыянакка келген.

**2-натыйжа – жаңы.** Изденүүчү процесстик укуктук ченемдерди талдоонун негизинде, Кыргыз Республикасында административдик иштерди кассациялык тартипте кароодо ал соттук өндүрүштүн процесстик мыйзамдарда аныкталбаганы менен негиздеген.

**3-натыйжа – жарым-жартылай жаңы**. Изденүүчү административдик иштин маңызы боюнча кабыл алынбаган сот актыларын тизмегин берип жатып, алар административдик-процесстик мыйзамдарда өз алдынча талашуу каралгандыгы эмес экендиги менен негиздеген.

**4-натыйжа – жарым-жартылай жаңы**. Административдик иштер боюнча чыгарылган чечимдерди жокко чыгаруунун негиздеринин тизмегин кеңейтүү Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарын талдоонун негизинде, диссертант талашып жаткан чечим кабыл алынып жаткандагы укук бузуулар кайра кароо баскычында оңдолушу мүмкүн эмес жана аларды оңдоо үчүн ишти жаңыдан кароого кайтарып берүү керетигин белгилейт.

**5-натыйжа. – жаңы**. Диссертант административдик ишке катышпай калган тараптын соттук коргонууга болгон конституциялык укугун ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасында биринчи жолу ишке катышкан башка жактардын даттануусу боюнча апелляциялык тартиптеги кайра кароодон кийин апелляциялык даттануу берүү укугун кароосун белгилейт.

**6-натыйжа. – жарым-жартылай жаңы**. Автор жүргүзүлгөн анализдин негизинде, сот актысынын чыгарылышына негиз болуп берген соттун актысын же административдик органдын актысын жокко чыгаруу катары кайтадан ачылган жагдайлар боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген чечимди кайра кароо үчүн негиздерди колдонуудагы административдик-процесстик мыйзамдардан алып салуу негизделген. Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинде бир эле учурда аталган негиз кайтадан ачылган жагдай жана жаңы жагдай болуп болуп эсептелет.

**5. Илимий натыйжалардын теория жана практика үчүн мааниси, диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжаларын пайдалануу боюнча сунуштар.**

Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларды кайра кароо илимий-теориялык жана практикалык көз караштарды комплекстүү изилдөө менен талкууланган, ошондой эле кээ бир "алсыз жактарын" ачып берген. Изилдөөнүн жүрүшүндө административдик өндүрүш боюнча теориялык тыянактар жана сунуштар түзүлгөн.

Теориялык тыянактар сунушталган анализдер менен шартталган. Ошондой эле, Кыргыз Республикасындагы бир нече жыл ичиндеги сот тажыйырбасын жүзөгө ашыруу маселелерине сереп салуу жана талдоо жүргүзүүнүн, соттук актыларды кайра кароодо ар кандай аспектилери кылдаттык менен иликтенген. Демек, мындагы теориялык жыйынтыктар Кыргыз Республикасында укуктук мамлекетти түзүү, укук чыгаруу

ишмерүүлүгүн жакшыртуу, административдик иштерди соттук кароодо маселелери боюнча жаңы атайын илимий-теориялык изилдөөлөрдүн базасы катары кызмат кылат.

Диссертацияда аныкталган корутундулар менен сунуштар жарандардын соттук коргонууга болгон конституциялык укугун ишке ашырууда, эң оболу мамлекеттик бийлик органдарынын иш-аракеттерин/аракетсиздигин жана алардын актыларын талашуу тууралуу иштер боюнча, Административдик укугу жана Административдик процедуралык укугу боюнча атайын курстарды даярдоо үчүн окуу-методикалык аспектиде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын административдик-процесстик мыйзамдарын оптималдаштыруу боюнча иш процессинде пайдаланылышы мүмкүн.

**6. Автореферattын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.**

Автореферат диссертацияга толугу менен шайкеш келет, анын негизги жоболору чагылдырылган, Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын талаптарына толук ылайык келтирилген. Анда диссертациялык изилдөө процессинде алынган негизги максаттар жана милдеттер, корутундулар камтылган. Авторефератта кыргыз, орус жана англис тилдеринде кыскача аннотация келтирилген. Автореферattын жана жарыяланган макалалардын мазмуну диссертациянын мазмунуна дал келет.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана шөкөттөлүшүндөгү кемчиликтер.**

Диссертациянын жогоруда белгиленген артыкчылыктарына карабастан, анын айрым кемчиликтери байкалды:

1. Диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана соттор тарабынан административдик иштерди кароодо тигил же бул ченемдерди колдонуу практикасына толук баа берилбей, салыштырмалуу талдоо жүргүзүлүп калган.

2. Изденүүчү диссертациялык изилдөөнүн алкагында сот актыларын кароодо, алардын жокко чыгаруучу негиз болгон маселелерди жетиштүү иликтеген эмес.

3. Автор чет элдик авторлордун илимий эмгектерин жана жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү соттук актыларды кайра кароо практикасын тереңирээк карап, талдап чыгышы керек эле.

Бирок, бул эскертүүлөр талкуу жана сунуштоо мүнөзүнө ээ, жалпысынан алганда диссертациялык иштин маанисин төмөндөтпөйт.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарыялангандыгын ырастоо**

Диссертациялык изилдөө темасы боюнча автор төмөнкүдөй илимий макалаларын жарыялаган:

1. Иманкулов, Э.А. Проблемы и особенности восстановления пропущенных процессуальных сроков для обжалования актов об административных правонарушениях [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2016. – №4. – С. 88-93

2. Иманкулов, Э.А. Пересмотр определений в административом судопроизводстве: вопросы вопросы теории и практики [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2016. – №4. – С. 94-96

3. Иманкулов, Э.А. К вопросу совершенствования процессуальных механизмов обжалования судебных актов по административным делам, не вступивших в законную силу [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – №1. – С. 75-79

4. Иманкулов, Э.А. К вопросу обжалования судебных актов в гражданском и административном судопроизводстве [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – №1. – С. 80-83

5. Иманкулов, Э.А. Правовое регулирование пересмотра судебных актов по административным делам [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – № 4. – С. 91-94

6. Иманкулов, Э.А. Актуальны вопросы административного судопроизводства [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – № 4. – С. 95-98

7. Иманкулов, Э.А. Особенности пересмотра судебных актов по административным делам по вновь открывшимся и новым обстоятельствам в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2019. - № 5-1. - С. 114-119.

8. Иманкулов, Э.А. К вопросу анализа административно-процессуального законодательства при пересмотре судебных актов в кассационном порядке в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2019. - № 5-1. - С. 119-123.

9. Иманкулов, Э.А. Проблемы производства по пересмотру судебных актов по административным делам в апелляционном порядке в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 6-3. - С. 263-268.

10. Иманкулов, Э.А. К истории развития пересмотра судебных актов по административным делам [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 6-3. - С. 268-272.

**9. Диссертациянын "Илимий даражаларды берүү тартиби жөнүндө" жобого шайкештиги.**

Жыйынтыгында белгилей кетүүчү нерсе, Иманкулов Эрболот Амантаевичтин юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын алууга сунушталган "Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларды кайра кароо" деген темада диссертациясы жогорку илимий-теориялык деңгээлде аткарылган, өзгөчө практикалык мааниге ээ, илимий жаңылануунун зарыл болгон элементтерин жана бир катар негизделген, логикалык жактан текшерилген теориялык корутундуларды жактырууга жана колдоого татыктуу практикалык сунуштарды камтыйт.

Иманкулов Эрболот Амантаевичтин "Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларды кайра кароо" деген темадагы диссертациялык изилдөөсү 2012-жылдын 22-августундагы №578 «Илимий даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө» жобонун 2-бөлүмүнүн 9-пунктунун талаптарына жооп берет жана анын автору 12.00.14 - административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиги боюнча юридикалык илимдердин кандидаты деген илимий даражага татыктуу.

Пикир Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин административдик жана финансы укугу кафедрасынын отурумунда талкууланды жана жактырылды (2021-жыл, «17»- май, № 9 Протокол).

**Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин административдик жана финансы укугу кафедрасынын башчысы, ю.и.к., доцент** **Сыдыгалиева А.С.**

Управление кадров

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-12
№120 от «17» 05 2021 г.

Подпись заверяю
Начальник
Управления кадров
ГОУВПО КРСУ
Касилева И.Ю.